# УЛУТТУК МУЗЕЙ - УЛУТУБУЗДУН ЖҮЗҮ

**"Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин башкы директору Назаров Рахманберди Найманович менен маек.**



***-Кеп башында сиз окурмандарыбызга "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси жөнүндө кыскача маалымат бере кетсеңиз?***

-Улуттук музей комплексинин тарыхына бир көз чаптыра турган болсок, биринчи жолу 1949-жылы облустук аймактык музей түзүлө баштайт. Ал эми 1951-жылы 1-февралда ал музей ачылып, иштей баштаган.

1978-жылдан баштап Оштогу тарыхый аймак-таануу музейи болуп негизделди. Музейдин базасы кеңейип, сейрек учураган табышмактуу, кызыктуу болгон 1238 чарчы метрден турган уникалдуу тоодогу үңкүр комплекси ачылды. 1982-жылы Оштогу бириккен тарыхый-маданий музей коругу болуп жарыяланат. Анын курамына 4 филиалдары кирет.

Оштун 3000 жылдык юбилейинин шарданы менен учурдун талабына толук жооп берген заманбап типтүү жаңы имараты салынып, шаарыбыздын көркүнө көрк кошулду. 2004-жылы апрель айында Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси болуп аталды.

Музей - табият менен адам коомунун өсүшү жөнүндөгү билимдин алгачкы маалыматын, маданий эстеликтерди, табият коллекциялары менен тарыхый нускаларды жыйноо, изилдөө, алардын экспонаттарын элге көрсөтүп, жайылтуу кызматын аткарган илимий мекеме. Мына ошондой мекемебиз "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси болуп эсептелет.

Бул музей өткөн мезгил менен катарда 15 жылдан ашуун тарыхы бар Эгемендүү эркин Кыргызстан жөнүндө эң мыкты маалыматтарды бере алат. Азыркы учурда бул жерге мектеп окуучулары, студенттик жаштар, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн көп келишет.

Биздин касиеттүү Сулаймантоосундай жери бар Ош калаасы, чындыгында эле өткөн кылымдарда курулуп, күнү бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жаткан тарыхый-маданий эстеликтери аз эмес. Алар өткөндөрдүн бизге калтырган тарыхый мурастары болуп эсептелет.


Ал эми Азияда экинчи "Мекке" аталып зыяратчылар үзүлбөй келишип турган Сулайман пайгамбардын ысмы менен айкалышып кеткен тоонун таштарында байыркы заманабыздан тартып орто кылымдарга чейинки сүрөтчүлөрдүн колу менен жасалгаланган тоодогу петроглифтер, аскага тартылган сүрөттөр, Ош жана Бүткүл Фергана өрөөнүндөгү байыркы элдердин тарыхы, маданияты, диний ишенимдери тууралуу бай маалыматтарды берип турат.

***-Эми ушул биз сыймыктанып айтып отурган касиеттүү Су-***

## Тарыхый-маданий баалуулуктарды сактоо - зор милдет

"Музей - адамзаттын эбегейсиз зор эскерүү китеби" деп А.В.Луначарский айткандай, элдик мурастарды сактап, келечек муундарга өткөрүп берүү музей кызматкерлеринин чоң милдети болуп келет. Бүгүнкү күндө "Сулайман-Тоо" УТАМКда элдик мурастарды сактоо, аларды элге жайылтуу максатында көптөгөн иш-чаралар, жалпы жана кеңейтилген экскурсиялар, семинар-окуулар өткөрүлүп, массалык каражаттар аркылуу элге жеткирилүүдө. Улуттук музейдин негизги бөлүмдөрүнүн бири тарых бөлүмү. Музей түзүүдө жана убактылуу стационардык көргөзмөлөрдү уюштурууда, усулдук жардамдарды көрсөтүп, буюм чогултуу, алардын баалуулуктарын изилдөө максатында иш алып барууда.

Жакынкы аралыктарда бөлүм, белгилүү тарыхый күндөр, тарыхый инсандар жөнүндө З.М.Бабурдун 520 жылдыгына карата убактылуу көргөзмө, Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн жылына карата "Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнө 2200 жыл", Алымбек Датка 2003 театрдык фестивалына карата ОКДТга "Алымбек датка - тарыхый инсан", 2-ноябрь маданият кызматкерлеринин күнүнө карата "Музей турмушунан", Эл аралык музейлер күнүнө карата "Музей тарыхынан", "Экспозиция новых поступлений", "Сезон-2003", "Улуу Жеңишке 61жыл", "24-март Элдик революцияга 1 жыл" ж.б. көргөзмөлөрдү уюштурду.



Ал эми "Кыргыздар. "Манас" эпосу баш болгон эл оозеки чыгармаларында, "Терроризм жана диний экстремизм, алардын өлкөбүздүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири", аттуу темаларда "тегерек стол", "Эч ким эч нерсе унутулбайт", эл аралык музейлер күнүнө карата "Тарыхый-маданий мурастардын келечеги үчүн" ж.б. темаларда массалык иш-чаралар, семинарлар уюштурулду. КРнын маданият министрлигинин 100 долбоорун ишке ашыруу максатында "Архитектуралык эстеликтердин жумалыгы" өткөрүлүп, ЖОЖдордун студенттерине, окуучуларга, музей көрүүчүлөргө тарыхый эстеликтерди коргоо максатында кеңири маалыматтар берилди. Музей массалык иштери келечек муундарды патриоттуулукка, Ата Мекенин сүйүүгө, ар-намыстуулукка, ата-бабалар мурастары аркылуу келечекке карай тарбиялайт. Музей - бул музейде эмгектенип, өмүрлөрүн арнаган В.И.Дружинина, Кунин, А.Абдрасулов, Б.Асранкулова, А.Жумабаева сыяктуу ж.б. кызматкерлери менен сыймыктанат. Алардын эмгектери жаш музей кызматкерлери үчүн үлгү болуп келет.

**З.АЙТМАМАТОВА,**
**тарых бөлүмүнүн башчысы**

Ош музейинин алгачкы экспозициясы 1951-ж. ачылганда казынада болгон экспонаттардын саны 268ди түзгөн. Жарым кылымдан ашык мезгилде 32 миңден ашык экспонаттар чогулуп калды. Казынанын коллекциялары Түштүк Кыргызстан аймагынын тарыхын ар тараптан чагылдырып, жергиликтүү калктын маданиятын жана турмуш-тиричилигин көрсөтөт. Алардын ичине кеңири белгилүү жаратылыш жана археологиялык, архитектуралык эстеликтер кирет. Ыйык Сулайман тообуз, үңкүрлөр, орто кылымдарда курулган баня-хаммам, таштагы сүрөттөр, Бабурдун үйү, Рават Абдуллахан мечити, Асаф-ибн-Бурхия мазары.

Улуттук музей комплексинин негизги иши - болгон эстеликтерди, экспонаттарды сактап калуу жана ошону менен бирге аларды толуктоо, жыйноо иштерди жүргүзүү. Музейдин илимий кызматкерлери өздөрүнүн көп эмгегин ушул ишке арнашат. Болуп турган тарыхый-маданий окуяларды эске тутуп, аларды чагылдыруучу материалдарды топтоп турабыз. Бул негизинен фотоматериалдар, документтер, видеотасмалар. Мисалы, акыркы мезгилде биздин максатыбыз согушка катышкан ветерандар жөнүндө телекөрсөтүүлөрдү, видеотасмаларды музейге алып келүү, кээ бир тарыхый кинотасмаларды жаңы видеотехникалык каражаттардын жардамы менен сактап калуу.

Акыркы мезгилде казынага кабыл алынган буюмдардын арасынан эң кызыктуу жана баалуу экспонаттар жөнүндө да эки ооз сөз айтып кетейин. Алардын бири - үч буттуу, бука баштуу ритуалдык жез идиш. Мен ойлойм биздин калкыбыз заманга жараша бир топ эле билимдүү, илимдүү, көп нерсени түшүнгөн калк. Бирок ошого карабастан ушул идиштин бир буту сынып калганына карабай дагы бир бутун кесип алышкан. Андан эмнени издеп, үмүт кылганы бизге белгилүү, турмуш да татаал, тартыш болуп турат. Ошентсе да мындай иш жалпыбызга жарашпайт деп ойлойм.

Ошондой эле Өзгөн районунан бир карыя энебиз кызы аркылуу ничке кур, ычкырларды токуучу чалгычын тапшырды. Ошол чалгычты иштетүү процессин видеотасмага түшүрүү максатыбызды азырынча ишке ашыралбадык, бирок бул боло турган иш. Дагы бир баалуу буюмду сатып алдык - бул күмүштөн кооздолуп

***-Эми ушул биз сыймыктанып айтып отурган касиеттүү Сулайман тоону коргоого, жакшыртууга, жашылдандырууга болгон мамилеңиздер жөнүндө да айтып берсеңиз.***

-Шаарыбыздын көркүнө көрк кошкон ыйык Сулайман тоону таза сактоо, коргоо, аны жашылдандыруу бул биздин музейдин гана кызматкерлеринин милдети эмес, жалпы Оштун тургундарынын - баарыбыздын парзыбыз деп ойлоймун. Оштун 3000 жылдык маарекесине карата өзүнүн оригиналдуу архитектурасы менен өзгөчөлөнгөн, эң сонун имаратка ээ болдук. Биздин элдин байыркы тарыхы, кызыктуу этнографиясы башкалар үчүн кызыктуу. Мунун далили катары чет элден келген көптөгөн саякатчылардын: "Мен Орто Азия чөлкөмүндө болгон саякатымда, мындай кооз, экспонаттарга бай музейди Оштон учураттым" деген сөздөрү биздин музей комплексинин пикир китепчесинде жазылып турат.

Ошондуктан, музейибиздин айланасын, ыйык Сулайман тоону жана андагы мамлекеттик корукка алынган тарыхый-маданий эстеликтерди сактап, коргоо, тазалоо жумуштарын такай жүргүзүү максатында ар түрдүү темада бир нече жолу тегерек столдорду, аңгеме-маектерди өткөрүп, "ишембиликтерди" уюштурдук. Сулайман тоонун тазарганы, биздин жүрөгүбүздүн тазарганы деген демилге менен айрыкча ОшМУнун жетекчилерине жана ЭлТРдин жетекчилиги сонун көмөк жана кол кабыштарды көрсөтүштү.

Айрыкча, бизге демилге көрсөтүшүп, студенттердин күчү менен бир нече жолу акцияларды уюштуруп беришти. Мындан ары да, пландаштырган иштер менен катар жалпы көрүүчүлөрдү, саякатчыларды өз деңгээлинде маданияттуу, сапаттуу тейлөө жумуштарын өткөрө бермекчибиз.

ралбадык, бирок бул боло турган иш. Дагы бир баалуу буюмду сатып алдык - бул күмүштөн кооздолуп жасалган төш мончок. Бул буюмду XIX кылымдын аягында - XX кылымдын башында Чоңалайдын Жарбашы деген айылдын жашоочусу Имамбардихан өзүнүн Топчугүл деген кызын күйөөгө чыгарганда афган усталарга жасатып берген экен. Ушул экспонат аркылуу тарыхый жана маданий көп маалыматты алса болот.

Музейдин экспонаттары жөнүндө сөз баштаса түгөнгүс болуп кетет. Миңдеген буюмдардын ар бири өзүнчө маанилүү жана кызыктуу. Алардын ичинде өзгөчө уникалдуу, баалуу экспонаттар да аз эмес. Акыркы жылдарда финансылык жактан тартыштыкка байланыштуу сатып алууга мүмкүнчүлүк болбой калды. Бирок бара-бара шарт оңолуп жатат. Мен ойлойм дагы көп кызыктуу табылгалар, ачылыштар болот. "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-маданий музей комплексинин администрациясы жана кызматкерлери аларды колдон чыгарбай сактап калууга болгон аракетин жумшайт. Биздин дагы бир чоң милдетибиз - тарыхыбыздын, маданиятыбыздын өнүгүү, жаңылануу процессин көрсөтүү жана кийинки муундарга өткөрүп берүү.

**З.АСАНОВА, казына бөлүмүнүн бөлүм башчысы П.Сарыбаев алган сүрөттөр**

## Жаратылыш бөлүмү

"Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин жаратылыш бөлүмүнүн экспозициясында, өзүбүздүн жергиликтүү окумуштуулар жөнүндө материалдар, Түштүк Кыргызстандын жаратылышы, байлыктары, жаныбарлар дүйнөсү, өсүмдүктөр дүйнөсү, токойлору, жаратылыш парктары, коруктары, экология жөнүндө материалдар чагылдырылып көрсөтүлгөн.

Жаратылыш бөлүмүнүн негизги максаты: Түштүк Кыргызстандын жаратылышын биологиялык өзгөчөлүктөрүн жана биологиялык ар түрдүүлүктөрдү илимий негизде чагылдырып көрсөтүү.

-токой фондусун коргоо;
-токой фондусунун кайта өндүрүү иштери;
-мергенчилик чарбасынын өнүгүшү;
-мергенчилик ресурстарын колдонуу;
-биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо.

Экологиялык проблемаларды жана коргоо маселелер боюнча илимий программалар жөнүндөгү маселелер боюнча иштөө.

**К.БЕКМУРАТОВА,**
**жаратылыш бөлүмүнүн башчысы**

## "Сулайман-Тоо Үңкүр комплекси"

Жалпы элибиздин сыймыгы болгон касиеттүү Сулаймат-Тоо Үңкүр комплекс музейи 1978-жылы элди маданияттуу тейлөө менен өз ишин баштаган. Музей өзүнүн орду менен элди көрүүгө чакырат. Биз сөз кылган музей эки кабаттан турат.

Биринчи кабаты өз ара бири-бири менен байланышкан карстык үңкүрчөлөрдөн, ал эми экинчи кабаты табигый жаратылыш үңкүр болуп саналат. Жалпы аянты 1236м. түзөт, жайы-кышы бирдей жылуулукту сактайт. 1415 өлчөмүндө.

Негизинен музей руханий, маданият музейи, дүйнөлүк диндердин өсүп-өнүгүү жолун көрүүгө мүмкүндүк берет. Музейдин контингентинде жалпы эл, коноктор, атайын чакырылган меймандар, туристтер, студенттер, окуучулар, аскер балдар ж.б.

Коомдук иштер менен калган ар тараптуу меймандарды үзгүлтүксүз маданияттуу тейлөө менен музей жамааты күтүп алабыз. Мисалы, өткөн жылы Пакистан ислам мамлекетинин президенти генерал Первез Мушараф келип кетти. Жакында эле 19-апрелде Кытай мамлекетинин Кашкар округунун губернатору бир топ мүчөлөрү менен келишти. Алар өз сөздөрүндө кыргыз элинин адамгерчилигин, кичи пейилдигин баса белгилешип, жаратылыштын кооздугун суктануу менен Сулайман тоонун ыйык жерлерине таазим кылышты жана чын жүрөктөн алкыш айтышып, ыраазылыгын билдиришти. Мындай көрүнүш биздин музейдин турмушунда ар дайым кайталанып турат.

Андан башка бизде, Сулайман-Тоо боюнча бир топ иш-чаралар жүргүзүлөт. Коомдук ишканалардын жетекчилери менен биргеликте 2005-жылдын 27-октябрында "Сулайман-Тоодо тартипти, тазалыкты сактайлы" деген кечесин өткөрдүк 2006-жылдын 30-мартында.

"Сулайман-Тоонун ыйыктыгын сактайлы" деген теманын негизинде тегерек стол уюштурдук. Музей жамааты, тиешелүү жетекчилер катышты. Улуу Жеңиштин 61 жылдыгына карата согуштун ардагерлери менен жолугушуу өткөрдүк.

Жаз, жай, күз айларында ОшМУнун, ОшКУУнун студенттери мугалимдеринин демилгеси менен ишембилик акциялары өткөрүлдү жана өткөрүлүп турат. Негизинен тоонун тарыхый-маданий жайларын сактоо баарыбыздын милдетибиз болуп саналат.

**Г.К.ГАПАРОВА, Сулайман-Тоо Үңкүр комплексинин директору**

## "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин баа жеткис казынасы урпактарга улуу мурас

"Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин казынасы Кыргызстандагы музейлердин эң ири казыналарынын бири болуп эсептелет.

Музейдин казынасында 31178 бирдикте музей предметтери сакталган. Анын 20223 бирдиктеги музей предметтери негизги фонд болуп саналат жана булар төмөндөгүчө болуп коллекцияларга бөлүнгөн.

1. Баалуу металлдар коллекциясы 404 бирдик.
2. Курал-жарактар коллекциясы 89 бирдик.
3. Боннистика жана нумизматика коллекциясы 1437 бирдик.
4. Кинодокументтер коллекциясы 21 бирдик.
5. Документтер коллекциясы 7281 бирдик.
6. Этнография коллекциясы 2540 бирдик.
7. ИЗО жана скульптура коллекциясы 175 бирдик.
8. Негативдер жана фотодокументтер коллекциясы 6942 бирдик.
9. Археологиялык коллекциясы 1029 бирдик.
10. Табигат коллекциясы 3200 бирдик.

Экспозиция залына 2582 музей предмети коюлган. Баалуу металлдар коллекциясында 404 б.м.п. бар. Мисалы, күмүштөн жасалган шакек, билерик, топчу, оймок, сырга, бой тумар, желбирөөч, чачпапик, кемерлер бар. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын алтын жана күмүш тыйындары сакталууда. Курал-жарактар коллекциясында болсо байыркы мезгилден баштап, XX кылымга чейинки курал-жарактар сакталууда. Мисалы, Чокмор, айбалта, найза, кылыч, канжар, мылтык жана башкалар. Боннистика коллекциясында бизде колдонулган 1900-жылдан берки акча бирдиктери кирет. Ал эми нумизматика коллекциясына Орден-медалдар, значоктор жана тыйындар кирет. Мисалы, алтындан жасалган "Социалисттик эмгектин баатыры", "Жылдыз" ордени жана 1600-жылдардагы Бухарадан чыккан Жаниддердин жана Кокон хандыгынын күмүш тыйындарын айтсак болот. Документтер коллекциясы да аябагандай баалуу материалдарга бай. Бул жерде дагы Ош уездининин, Курманжан датканын, Анжиян көтөрүлүшүнүн, Большевиктердин, алгачкы комсомолдордун, орус келгиндеринин, Жарандык жана Улуу Ата Мекендик согуштун, Түштүк Кыргызстандагы ишкана уюмдардын, мекемелердин документтери менен толукталган.

Этнография коллекциясы экиге бөлүнөт: катуу жана жумшак болуп. Катуу этнография металлдан, жыгачтан, айнектен, гипстен, чоподон, пластмассадан, сөөктөн жана башкалардан жасалган буюм куралдар кирет. Ал эми жумшак этнографияга болсо: килем, шырдак, кийиз, таар, түштук, көшөгө, тон, чепкен, пахтадан жана жибектен жасалган кездемелер кирет. Ошондой эле жыгачтан, сөөктөн, чоподон, ар кандай металлдардан жасалган предметтер сакталууда. Таш куралдарына мисалы, рубило, скребло, чоппер, чоппинг сыяктуу эмгек куралдарын айтсак болот.

Табийгат коллекциясында аябагандай бай материалдарга ээ. Аларга мисалы, Түштүк Кыргызстандын флорасы менен фаунасын чагылдырган башкы музейдин экспозиция залындагы табигат бөлүмү күбө болуп турат.

**Адалат ЖУМАБАЕВА, "Сулайман-Тоо" УТАМКнын башкы директорунун илимий иштер боюнча орун басары**